**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**«БЕКИТЕМИН»**
Ж.Баласагын атындагы КУУнун
И.Ч. Исамидинов атындагы
педагогикалык институтунун
директору, п.и.д., проф.
Сулайманова Р.Т.

________________

«___» ________ 2026-ж.

Кыргыз Республикасынын Туруктуу өнүгүү максаттарынын жана он эки жылдык мектептик билим берүү системасына өтүү концепциясын ишке ашыруу максатында Ж. Баласагын атындагы Улуттук университетинин И.Ч. Исамидинов атындагы педагогикалык институту тарабынан уюштурулуп жаткан **“Келечекке кадам: 12 жылдык билим берүүдө математика”** аттуу математика боюнча эл аралык олимпиаданын

# ЖОБОСУ

**Бишкек-2026**

## I. *Жалпы жоболор*

1.1. Бул жобо студенттер арасында өткөрүлүүчү **“Келечекке кадам: 12 жылдык билим берүүдө математика”** аталышындагы математика боюнча олимпиаданын тартибин аныктайт.

1.2. Олимпиадага жогорку окуу жайда окуган математика багытындагы 1-3-курстун студенттери катыша алат.

## II. *Олимпиаданын максаты жана милдеттери*

**Максаты:** 12 жылдык билим берүү шартында студенттердин математикалык билим деңгээлин жогорулатуу, логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, таланттуу жана жөндөмдүү студенттерди аныктоо жана колдоо, ошондой эле математика илимине болгон кызыгуусун арттыруу.

**Милдеттери:**

- студенттердин математикалык сабаттуулугун жана билим деңгээлин баалоо;
- логикалык ой жүгүртүү жана аналитикалык жөндөмдөрүн өнүктүрүү;
- чыгармачылык менен маселелерди чечүү көндүмдөрүн калыптандыруу;
- таланттуу студенттерди аныктоо жана аларды колдоо;
- студенттердин өз алдынча иштөө жана жоопкерчилик сезимин жогорулатуу;
- ЖОЖдор аралык кызматташууну чыңдоо жана тажрыйба алмашуу;
- математика илимине болгон кызыгууну арттыруу жана анын практикалык маанисин түшүндүрүү

## III. *Олимпиаданын шарттары*

- Олимпиадага эл аралык жана республикалык ЖОЖдордо окуган I, II, III курстун студенттери катыша алат.
- Олимпиаданын тапшырмалары негизги математикалык сабаттуулук боюнча мисалдардын (арифметика, пайыздар, теңдемелер, маселелер, функциялар) негизинде түзүлөт.
- Олимпиаданын катышуучуларын баалоо баллдык негизде болот.
- Жогорку сандагы балл алышкан катышуучулар олимпиаданын жеңүүчүлөрү катары аныкталат.

## IV. *Олимпиаданы уюштуруу жана өткөрүү тартиби*

**I тур - (онлайн)**

Онлайн-тестирлөө 2026-жылдын 1-апрелинде 9:00дө башталып, саат 17:00дө аяктайт. Катталуу жана тести тапшыруу үчүн төмөнкү шилтеме аркылуу аткарылат. https://forms.gle/tCmfiK3JLKvbMu8o9

Студенттер Google Forms аркылуу түзүлгөн 20 тесттик суроо, ар бир туура жоопко 2 балл берилет, тестирлөө убактысы 40 мүнөттүк. Эң жогорку балл топтогондор II турга өтөт.

**I** турдун жыйынтыгынын негизинде кийинки этапка катышуучулардын тизмеси түзүлүп институттагы уюштуруучулар тарабынан билдирүү берилет.

**II тур - (оффлайн)**

2026 жылдын 15-апрель саат 11:00дө КУУнун 6-окуу имаратында, 108- аудиторияда өткөрүлөт. II турга өткөн ар бир студентке 6 математикалык түрдүү деңгээлде тапшырмалар берилет. Ар бир эсептин деңгээлине жараша балл менен бааланат.

## *V. Олимпиаданын калыстар тобу*

Олимпиаданын калыстар тобун жогорку квалификациялуу окутуучу-профессорлор, кызматкерлер курамынан турган 5 киши түзөт:

- Алиев Шаршеналы - п.и.д.,профессор (төрага)
- Калдыбаев Салидин Кадыркулович - п.и.д., профессор
- Торогельдиева Конуржан Макишевна - п.и.д., профессор
- Кайдиева Назира Капарбековна – п.и.к., доцент
- Эсенканова Анаркан Кулубековна – ага окутуучу

Олимпиаданын калыстар тобу катышуучулардын аткарган иштерин төмөнкү критерийлердин негизинде карап баалайт:

- тапшырмалардын туура жана толук аткарылышын;
- математикалык эсептөөлөрдүн тактыгын жана негиздүүлүгүн;
- логикалык ой жүгүртүүнүн деңгээлин жана чечимдин ырааттуулугун;
- маселелерди чыгарууда колдонулган ыкмалардын тууралыгын жана натыйжалуулугун;
- жазуу ишинин тактыгын, түшүнүктүүлүгүн жана математикалык тилдин туура колдонулушун;
- апелляциялык иштерди карайт;
- олимпиаданын жеңүүчүлөрүн аныктайт жана аларды сыйлоого сунуштама даярдайт.

Олимпиаданын жеңүүчүлөрү дипломдор жана баалуу сыйлыктар менен сыйлашат.

**Кошумча маалымат:** Олимпиадага байланыштуу жол кире, тамак-аш жана жашоо чыгымдары жөнөтүүчү тараптын эсебинен төлөнөт.

**Эскертүү !!!** II тур учурунда мобилдик аппарат колдонууга тыюу салынат. Эгерде катышуу учурунда эрежени бузуу учуру катталса олимпиададан четтетилет.

**Байланышуу үчүн телефондор:** Эгамбердиева Айсулуу (996) 507 20 33 00, Көчөрова Айнек (996) 707 13 79 67.